**«БЕКИТЕМ»**
Ж.Баласагын атындагы КУУнун ректору
_______________ Д.Т. Чонтоев
_______________20 26 -ж.

**Билим берүүнүн сапатын башкаруу системасы департаментинин лицензиялоо жана аккредитациялоо бөлүмү жөнүндө**
**КУУнун түзүмдүк бөлүмү жөнүндө жобо**

КУУ.СБС-ТБ.ХХ

**"Макулдашылган"**
Окуу-методикалык кеңештин төрагасы
А.Б. Шамшиев ________
Протокол№ 3
"19" 01 20 26 ж

**Мазмуну**

1 Максаты жана колдонуу чөйрөсү ...... 3
2 Нормативдик камсыздоо ...... 3
3 Терминдер жана кыскартуулар ...... 4
4 Негизги максаттары жана милдеттери ...... 5
5 Негизги функциялары ...... 5
6 Жоопкерчилик жана ыйгарым укуктар ...... 6
7 Өз ара аракеттенүү ...... 7
8 Квалификациялык талаптар ...... 8
Иштеп чыгуучулар ...... 8
Макулдашуу барагы ...... 8
Өзгөртүүлөрдү киргизүү барагы ...... 8



Scanned with CamScanner

## 1 Максаты жана колдонуу чөйрөсү

1.1 Бул Жобо Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (мындан ары — КУУ) ички нормативдик документи болуп саналат жана лицензиялоо жана аккредитациялоо бөлүмүнүн (мындан ары — ЛАБ) укуктук статусун, максаттарын, милдеттерин, функцияларын, укуктарын, милдеттенмелерин, жоопкерчилигин, ошондой эле университеттин башка түзүмдүк бөлүмдөрү жана тышкы уюмдар менен өз ара аракеттенүү тартибин аныктайт.

1.2 ЛАБ КУУнун Билим берүүнүн сапатын башкаруу системасы департаментинин (мындан ары — БСБСД) түзүмдүк бөлүмү болуп саналат жана анын директоруна баш иет.

1.3 Бул Жобонун негизги максаты — КУУнун лицензиялоо, улуттук жана эл аралык аккредитациялоо, ошондой эле билим берүү ишмердүүлүгүн сертификациялоо жол-жоболорун системалуу жана натыйжалуу өтүүсүн камсыз кылуу максатында бөлүмдүн ишмердүүлүгүн формалдаштыруу жана жөнгө салуу болуп саналат.

1.4 Бул Жобо КУУнун бардык түзүмдүк бөлүмдөрүнө жана лицензиялоо, улуттук жана эл аралык аккредитациялоо, ошондой эле билим берүү ишмердүүлүгүн сертификациялоо процесстерине катышкан ЛАБдын кызматкерлерине колдонулат. Анын иш аракет чөйрөсү төмөнкү багыттарды камтыйт:

1.4.1 **Лицензиялоо.** Жаңы билим берүү программалары, билим берүү деңгээлдери боюнча билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүү укугуна лицензия алуу үчүн, ошондой эле мыйзамдарда же КУУнун түзүмүндө өзгөрүүлөр болгондо колдонулуп жаткан лицензияларды кайра тариздөө үчүн документтер топтомдорун даярдоо.

1.4.2 **Аккредитациялоо.** КУУнун жалпы ишмердүүлүгүн жана өзүнчө билим берүү программаларын (адистиктерди, даярдык багыттарын) улуттук жана эл аралык деңгээлде аккредитациялоо жол-жоболорун даярдоо, уюштуруу жана өткөрүү. Бөлүм керектүү документацияны чогултууну, эксперттик комиссиялардын ишин жана тышкы уюмдар менен өз ара аракеттенүүнү координациялайт.

1.4.3 **Сертификациялоо.** Көз карандысыз тышкы уюм тарабынан КУУнун продукциясынын, кызматтарынын, менеджмент системасынын же башка объекттеринин белгиленген талаптарга шайкештигин жазуу жүзүндө тастыктоо максатында өткөрүлүүчү шайкештикти баалоо жол-жоболорун даярдоо, уюштуруу жана өткөрүү. Бөлүм керектүү документацияны чогултууну, эксперттик комиссиялардын ишин жана тышкы уюмдар менен өз ара аракеттенүүнү координациялайт.

## 2 Нормативдик камсыздоо

2.1 Лицензиялоо жана аккредитациялоо бөлүмү (ЛАБ) өз ишмердүүлүгүндө төмөнкүлөрдү жетекчиликке алат:

- 2021-жылдын 5-майындагы Кыргыз Республикасынын Конституциясын;
- 2023-жылдын 11-августундагы № 179 «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын;
- 2013-жылдын 19-октябрындагы № 195 «Кыргыз Республикасында лицензиялык-уруксат берүү системасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын;
- 2023-жылдын 14-декабрындагы № 678 «Айрым ишмердүүлүк түрлөрүн лицензиялоо маселелери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомун;
- 2024-жылдын 15-майындагы № 246 «Билим берүү тармагындагы аккредитация боюнча нормативдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомун;

- 2025-жылдын 29-январындагы Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Уставын;
- Бөлүмдүн негизги ишмердүүлүгүнө тиешелүү болгон Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жана мамлекеттик башкаруунун жогору турган органдарынын токтомдорун, буйруктарын, көрсөтмөлөрүн, жоболорун жана башка тескемелик, нормативдик-укуктук актыларын;
- Орто жана жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарын (мындан ары — МББС) жана КУУнун билим берүү стандарттарын;
- КУУнун Окумуштуулар кеңешинин токтомдорун, жоболорун жана башка жергиликтүү нормативдик актыларын.

2.2 Бул Жобо бекитилген учурдан тартып күчүнө кирет жана ал жокко чыгарылганга же жаңы редакциядагы жобо менен алмаштырылганга чейин күчүндө болот.

## 3 Терминдер жана кыскартуулар

Бул документте төмөнкүдөй терминдер жана кыскартуулар колдонулат.

**Терминдер:**

- **аккредитация** – аккредитациялоочу агенттик тарабынан көрсөтүлүп жаткан билим берүү кызматтарынын ошол агенттик тарабынан белгиленген стандарттарга, жол-жоболорго жана эрежелерге, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилген талаптардан жана критерийлерден төмөн эмес деңгээлде шайкештигин расмий таануу жол-жобосу;
- **аккредитациялоочу агенттик** – ишмердүүлүгү көрсөтүлүп жаткан билим берүү кызматтарынын белгиленген стандарттарга, жол-жоболорго жана эрежелерге шайкештигин тышкы баалоого багытталган көз карандысыз коммерциялык эмес уюм;
- **ички документ** – КУУда түзүлгөн жана анын чегинен чыкпаган расмий документ;
- **мамлекеттик билим берүү стандарты** – формалдуу билим берүүнүн мазмунунун минималдуу көлөмүн, билим берүү деңгээлдери боюнча даярдоого коюлган негизги талаптарды, окуунун максаттарын жана натыйжаларын аныктаган коомчулук тарабынан макулдашылган талаптардын жыйындысы;
- **документ** – аны идентификациялоого мүмкүндүк берген реквизиттери бар материалдык жана/же электрондук алып жүрүүчүдө катталган маалымат, анын ичинде шайкештикти тастыктоочу далил катары сакталган документтештирилген маалымат;
- **билим берүүнүн сапаты** – билим берүү тутумунун, билим берүү уюмунун жана билим алуучунун жеке билим жетишкендиктеринин комплекстүү мүнөздөмөсү болуп, коомдук жана жеке күтүүлөргө, мамлекеттик билим берүү стандарттарына, кесиптик стандарттарга жана Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган эл аралык билим берүү программаларына шайкештик деңгээлин чагылдырат;
- **лицензиялоо** – лицензияларды жана (же) уруксаттарды берүү, кайра тариздөө, убактылуу токтотуу, калыбына келтирүү жана жокко чыгаруу менен байланышкан процесс;
- **лицензия** – «Кыргыз Республикасында лицензиялык-уруксат берүү системасы жөнүндө» Мыйзамга ылайык мамлекеттик лицензиялоо киргизилген ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууга укук берген документ;
- **билим берүү программасы** – белгилүү бир билим берүү деңгээлинин, багытынын же адистигинин билим мазмуну болуп, максаттарды, милдеттерди, пландаштырылган натыйжаларды жана тиешелүү деңгээл же адистик боюнча билим берүү процессин уюштурууну аныктайт;

- **билим берүү стандарты** – мамлекеттик билим берүү стандартына эквиваленттүү КУУнун максаттарын жана окутуунун натыйжаларын аныктоочу, билим берүү программасынын минималдуу мазмунун, билим берүүнүн деңгээлдеринде кадрларды даярдоого негизги талаптарды аныктоочу формалдуу билим берүүгө талаптардын жамааттык макулдашылган жыйындысы;
- тышкы уюм тарабынан КУУ көрсөткөн билим берүү кызматтарынын жана илимий ишмердүүлүгүнүн натыйжаларынын белгиленген стандарттарга, жол-жоболорго жана эрежелерге шайкештигин таануучу документ

**Кыскартуулар:**

- КУУ — Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети;
- БПП — биринчи проректор — окуу иштери боюнча проректор (сапат боюнча жетекчиликтин өкүлү);
- ЛАБ – лицензиялоо жана аккредитациялоо бөлүмү;
- МББС – орто жана жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттары;
- СБТ – сапатты башкаруу тутуму.

## 4 Негизги максаттары жана милдеттери

Лицензиялоо жана аккредитациялоо бөлүмүнүн негизги максаттары төмөнкүлөр болуп саналат:

4.1 КУУнун негизги ишмердүүлүгү боюнча лицензиялык, аккредитациялык жана сертификациялык көрсөткүчтөрдүн жана критерийлердин аткарылышына карата маалыматтарды мониторинг жүргүзүү, өлчөө жана талдоо.

Лицензиялоо жана аккредитациялоо бөлүмүнүн негизги милдеттери төмөнкүлөр:

4.2 КУУнун түзүмдүк бөлүмдөрүнүн орто, жогорку, жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүү программаларын лицензиялоо, аккредитациялоо жана жалпы университетти сертификациялоо жол-жоболорунан өтүүгө даярдоодогу ишмердүүлүгүн координациялоо;

4.3 Лицензиялоо, аккредитациялоо жана сертификациялоого даярдык көрүү процессинде КУУнун негизги ишмердүүлүгү боюнча маалыматтарды, материалдарды жана документтерди экспертизалоо жана талдоо;

4.4 Билим берүү чөйрөсүндө көзөмөл жана текшерүү жүргүзүүчү мамлекеттик органдарга, ошондой эле аккредитациялоочу агенттиктерге КУУнун орто, жогорку, жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүү программаларын лицензиялоо жана аккредитациялоо, ошондой эле КУУнун билим берүү ишмердүүлүгүн жалпы сертификациялоо боюнча материалдарды жана документтерди берүү;

4.5 Бөлүмдүн негизги ишмердүүлүгү боюнча жоболорду, нускоолорду, эрежелерди жана сунуштарды иштеп чыгуу;

4.6 Лицензиялык, аккредитациялык жана сертификациялык талаптардын аткарылышын талдоо жана алдын ала баалоо.

## 5 Негизги функциялары

Лицензиялоо жана аккредитациялоо бөлүмүнүн негизги функциялары төмөнкүлөр болуп саналат:

5.1 Лицензиялоо, аккредитациялоо жана сертификациялоо маселелери боюнча улуттук жана эл аралык ченемдик-укуктук документтерди изилдөө жана системалаштыруу;



Scanned with CamScanner

5.2 Лицензиялоо, аккредитациялоо жана сертификациялоо маселелери боюнча ички жана тышкы текшерүүлөрдүн жүрүшүндө аныкталган эскертүүлөрдү жоюу жана документтерди даярдоо боюнча консультациялык-малыматтык жардам көрсөтүү;

5.3 Лицензиялоо, аккредитациялоо жана сертификациялоонун жол-жоболорун жүргүзүүнү ченемдик-укуктук, уюштуруучулук-методикалык жана маалыматтык-аналитикалык жактан коштоо;

5.4 КУУнун негизги ишмердүүлүгү боюнча өнүгүүнүн динамикасын жана тенденцияларын чагылдырган маалыматтарды, материалдарды жана документтерди жыйноо; бөлүмдүн негизги ишмердүүлүгү боюнча маалыматтык-аналитикалык материалдардын банкын түзүү;

5.5 Билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу позициясынан КУУнун ишмердүүлүгүн ички аудиттен өткөрүүгө жана өзүн-өзү баалоого катышуу;

5.6 Лицензиялык талаптардын сакталышын талдоо жана алдын ала баалоо;

5.7 Билим берүү программаларын жана КУУну жалпы аккредитациялоо үчүн минималдуу талаптардын аткарылышын талдоо жана алдын ала баалоо;

5.8 Сертификациялык талаптардын сакталышын талдоо жана алдын ала баалоо;

5.9 Белгиленген мөөнөт ичинде КУУнун билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө укук берген лицензияларды эсепке алуу жана сактоо;

5.10 Белгиленген мөөнөт ичинде КУУнун академиялык даражаларды жана квалификацияларды ыйгаруу укугун тастыктаган сертификаттарды эсепке алуу жана сактоо;

5.11 Билим берүүнүн сапатын башкаруу тутумун киргизүү жана өркүндөтүү маселелери боюнча конференцияларды, семинарларды, тегерек столдорду, жыйындарды уюштурууга жана аларга катышуу;

5.12 Бөлүмдүн негизги ишмердүүлүгү боюнча маалыматтык-аналитикалык материалдарды КУУнун расмий сайтына жайгаштыруу.

## 6 Жоопкерчилик жана ыйгарым укуктар

КУУдагы лицензиялоо жана аккредитациялоо бөлүмүнүн жоопкерчилиги жана ыйгарым укуктары анын максаттары жана милдеттери менен — билим берүү ишмердүүлүгүнүн мыйзамдуулугун жана сапатын камсыз кылуу менен — ажырагыс байланышта. Алар бөлүм жөнүндө ички Жобо менен аныкталат жана университеттин стратегиялык максаттарын ишке ашырууга багытталган.

Бөлүм төмөнкү багыттар боюнча түздөн-түз жоопкерчилик тартат:

- **Талаптардын сакталышы.** Отдел несёт ответственность за мониторинг и анализ своевременного и точного выполнения требований в сфере лицензирования, аккредитации и сертификации образовательной деятельности; согласовывать планы (годовые, перспективные и др.) работы ОЛА с ППР, директором ДСМК, представлять аналитические записки, справки, отчеты о выполнении планов. Бөлүм билим берүү ишмердүүлүгүн лицензиялоо, аккредитациялоо жана сертификациялоо чөйрөсүндөгү талаптардын өз убагында жана так аткарылышына мониторинг жүргүзүү жана талдоо үчүн жооп берет; ЛАБдын иш пландарын (жылдык, перспективдүү ж.б.) ППР жана БСБСД директору менен макулдашат, ошондой эле пландардын аткарылышы боюнча аналитикалык жазууларды, маалымкаттарды жана отчетторду сунуштайт.
- **Маалыматтын ишенимдүүлүгү.** Бөлүм лицензиялоо, аккредитациялоо жана сертификациялоо жол-жоболорунан өтүү үчүн ар кандай органдарга берилген бардык документтердин жана маалыматтардын толуктугуна жана ишенимдүүлүгүнө жооп

берет. Ошондой эле бөлүмдүн негизги ишмердүүлүгү боюнча маалыматтык-аналитикалык материалдардын КУУнун сайтына өз убагында жайгаштырылышын камсыз кылат.

- **Жол-жоболордун өз убагында аткарылышы.** Бөлүм документтерди жыйноодон тартып арыздарды тапшырууга чейинки бардык процесстердин белгиленген мөөнөттөрдө аткарылышына жооптуу. ЛАБдын ишине байланыштуу маселелер боюнча жумушчу жыйындарга катышат.
- **Текшерүүлөргө даярдыктын сапаты.** Бөлүм лицензиялык, аккредитациялык жана сертификациялык текшерүүлөргө даярдык көрүү мезгилинде түзүмдүк бөлүмдөрдүн ишин уюштурууга жана координациялоого жооп берет.
- **Методикалык жетекчилик.** Бөлүм лицензиялоо жана аккредитациялоо маселелери боюнча ички текшерүүлөрдүн жүрүшүндө аныкталган эскертүүлөрдү жоюу, документтерди даярдоо боюнча КУУнун түзүмдүк бөлүмдөрүнө методикалык жана консультациялык жардам көрсөтөт.

Для выполнения своих задач отдел наделяется полномочиями, позволяющими ему эффективно координировать деятельность структурных подразделений: Өз милдеттерин аткаруу үчүн бөлүм төмөнкү ыйгарым укуктарга ээ:

- **Маалыматтарды талап кылуу жана жыйноо.** Бөлүм КУУнун бардык түзүмдүк бөлүмдөрүнөн (институттардан, факультеттерден, колледждерден, кафедралардан, билим берүү программаларынан, бухгалтериядан, бөлүмдөрдөн ж.б.) билим берүү процесси, илимий ишмердүүлүк, кадрдык курам, материалдык-техникалык база, каржы жана башка маселелер боюнча зарыл болгон маалыматтарды жана документтерди талап кылууга жана алууга укуктуу.
- **Ички текшерүүлөрдү жүргүзүү.** Бөлүм лицензиялоо, аккредитациялоо жана сертификациялоо жол-жоболоруна даярдык деңгээлин баалоо максатында окуу түзүмдүк бөлүмдөрүндө пландуу жана пландан тышкаркы текшерүүлөрдү жүргүзүүгө укуктуу.
- **Тышкы органдар менен өз ара аракеттенүү.** Бөлүм билим берүү чөйрөсүндө көзөмөл жана текшерүү жүргүзүүчү мамлекеттик органдар, аккредитациялоочу агенттиктер жана сертификациялоо органдары менен өз ара аракеттенүүдө КУУну расмий өкүл катары көрсөтүүгө ыйгарым укуктуу. Лицензиялоо, аккредитациялоо жана сертификациялоо жол-жоболорун жүргүзүү боюнча ченемдик-укуктук, методикалык, маалыматтык-аналитикалык документтерге жана материалдарга ички аудит жүргүзүү үчүн тышкы эксперттерди тартууга укуктуу.
- **Сапатты жакшыртуу боюнча сунуштар.** СБТнын ишинде аныкталган дал келбестиктер тууралуу ППРге жана билим берүүнүн сапатын башкаруу системасы департаментинин директоруна маалымдайт, ошондой эле түзүмдүк бөлүмдөрдүн ишинин сапатын жакшыртуу боюнча сунуштарды алардын кароосуна киргизет.
- **Ишмердүүлүктү токтотуу.** Лицензиянын же сертификаттардын жокко чыгарылышына алып келиши мүмкүн болгон олуттуу дал келбестиктер аныкталган учурда, бөлүм жетекчиликке белгилүү бир билим берүү программасы боюнча мыйзам бузуулар жоюлганга чейин билим берүү ишмердүүлүгүн убактылуу токтотуу маселесин демилгелөөгө укуктуу.

## 7 Өз ара аракеттенүү

Лицензиялоо жана аккредитациялоо бөлүмүнүн кызматкерлери төмөнкү тараптар менен өз ара аракеттенишет:

7.1 Иш пландарына ылайык КУУнун бардык түзүмдүк бөлүмдөрү менен
7.2 Билим берүү чөйрөсүндө көзөмөл жана текшерүү жүргүзүүчү мамлекеттик органдар, аккредитациялоочу агенттиктер жана сертификациялоо органдары менен;
7.3 Лицензиялоо жана аккредитациялоо бөлүмүнүн негизги ишмердүүлүгү боюнча КУУнун түзүмдүк бөлүмдөрү, мамлекеттик аткаруу бийлигинин органдары, мекемелер жана уюмдар менен расмий кат алышуу аркылуу.

**8 Квалификациялык талаптар**

8.1 Лицензиялоо жана аккредитациялоо бөлүмүнүн штаттык расписаниеси КУУнун ректору тарабынан бекитилет.
8.2 Лицензиялоо жана аккредитациялоо бөлүмүнүн башчысы жана кызматкерлери билим берүүнүн сапатын башкаруу системасы департаментинин директору менен макулдашуу боюнча КУУнун ректорунун буйругу менен кызматка дайындалат жана кызматтан бошотулат.

Лицензиялоо жана аккредитациялоо бөлүмүнүн кызматкерлерине төмөнкү **квалификациялык талаптар** коюлат:
8.3 жогорку кесиптик билимге ээ болуу;
8.4 жогорку окуу жайында кеминде 1 жылдык иш тажрыйбасына ээ болуу;
8.5 бөлүмдүн негизги ишмердүүлүгүнө тиешелүү ченемдик-укуктук документтерди билүү;
8.6 аналитикалык иш жүргүзүү боюнча көндүмдөргө жана жөндөмдөргө ээ болуу;
8.7 коммуникативдик жөндөмдөргө ээ болуу.

**Иштеп чыгуучулар**

| Кызматы | Аты-жөнү | Колу | Күнү |
|---|---|---|---|
| ЛАБдын башчысы | Г.Ш.Бузурманкулова | [signature] | |
| ЛАБдын башкы адиси | Н.В.Храмцова | | |

**Макулдашуу барагы**

| Кызматы | Аты-жөнү | Колу |
|---|---|---|
| ППР – биринчи проректор – окуу иштери боюнча проректор | | |
| БСБСДнын директору — билим берүүнүн сапатын башкаруу системасы департаментинин директору | | |
| Жалпы бөлүмдүн башчысы | | |

**Өзгөртүүлөрдү киргизүү барагы**

| Өзгөртүүнүн номери | Өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө тескеме документтин номери жана датасы | Өзгөртүүлөр жөнүндө документ алынган күнү | Түзүмдүк бөлүмдүн сапат боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү (өзгөртүү киргизген адам) | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Аты-жөнү | Колу |



Scanned with CamScanner

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Өзгөртүүлөр киргизилген күнү | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |



Scanned with CamScanner